# АВГУСТ КЕҢЕШМЕСИНЕ КАРАТА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

Балдарга билим-тарбия берип, аны өстүрүүнүн пайдубалы, балдарды турмушка аралаштырып, күндөлүк жашоодогу компетенцияларынын негизи башталгыч мектепте түптөлүп, андан ары өркүндөтүлөт. Анда баланын дене түзүлүшү бекемделип, мүнөзү, акыл сезими жана адептик сапаттары, коомдогу жүрүм-туруму, дүйнө таанымы дээрлик калыптанат.

Кенже мектеп окуучусунун таанып билүү өзгөчөлүгүнө ылайык, башталгыч мектепте интеграцияланган предметтер өтүлүп, окуганга, жазганга үйрөтүү, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, адабий дүйнөсүн жаратуу боюнча тил жана окуу (кыргыз тил, орус тил, чет тил, ал 3-класстан башталат), баланын эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында математика, айлана-чөйрөнү илимий негизде таанытуу үчүн Мекен таануу, руханий жан дүйнөсүн калыптандырууга багытталган музыка, көркөм өнөр, жүрүм-турумун, башкаларга мамилесин калыптандырууну максат кылган адеп, баланын дене түзүлүшүн өнүктүрүү үчүн дене тарбия, жашоодогу жалпы коопсуздугун камсыздоо максатында турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактары окутулат. Бул окуу предметтеринде баланын компетенттүүлүккө негизделген билими менен катар, аны тарбиялоо, өнүктүрүү, коомго аралаштыруу чоң роль ойнойт.

Республика боюнча 2016-2017-окуу жылынан баштап билим берүү стандарттары боюнча башталгыч класстардын мугалимдери, башталгыч билим берүү боюнча директордун орун басарлары, билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери үчүн тренингдер өтүүдө, тренингдер 3 жылга созулуп, бул убакытта 11 500 мугалим, директорлордун орун басары, билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкери окутулмакчы. Окутуу башталгыч класстардын окуучуларынын компетентүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.

Кыргыз Республикасында 2017-2018-окуу жылынан баштап жаңы базистик окуу планы ишке кирет, ага ылайык, башталгыч класстарда окуу предметтеринин аттары алмашып, сааттардын көлөмү өзгөрдү жана жаңы окуу предмети (технология) кирди.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекиген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын 69-пунктуна ылайык, «1-2-класстарда окуучулардын жетишкендиктерин баа берүү белги койбостон, баа берүүнүн сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын пайдалануу менен жүргүзүлөт. Акырындык менен белги коюуну киргизүү экинчи класстын экинчи жарымынан башталат».

Башталгыч класстардын окуу планына ылайык учурда окуу жүктөмү жана окуу предметтеринин саны төмөндөгүдөй:

| № | Класс | Жумасына (саат) | Жыл бою (саат) | Предметтин саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 1- класс | 20 | 660 | 9 |
| 2. | 2- класс | 22 | 748 | 9 |
| 3. | 3- класс | 24 | 816 | 10 |
| 4. | 4 -класс | 25 | 850 | 10 |

*Эскертүү*: 2015-2016-жылдан баштап Кыргыз Республикасында «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы ишке кирди. Программанын максаты балдар бакчаларына барбаган, башка программаларга тартылбаган балдарды бир жыл бою мектепке даярдоо менен, 1-класста бардык балдар үчүн бирдей старттык базаны түзүү болуп саналат. Анткени учурда балдар бакчасына тартылган балдардын пайыздык катышы абдан аз. Программа, ага карата усулдук сунуштар, тиешелүү окуу материалдары даярдалып, расмий түрдө бекитилип, жер-жерлерде бул программа боюнча иштей турган мугалимдер окуудан өтүп, программа жыл бою ийгиликтүү ишке ашырылды. Бул программага мектепке бара турган балдардын болжолдуу 98%ы тартылды.

Буга ылайык, мектепке даярдоо менен башталгыч мектептин, башталгыч мектеп менен орто мектептин ортосунда ырааттуулук, өтмөлүүлүк сакталуусу зарыл.

Кыргызстанда 2017-2018-окуу жылынан баштап жаңы базистик окуу планы ишке кирмекчи, ал КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-октябрындагы №1246/1 буйругу менен бекиген. Ага ылайык, айрым предметтердин сааттары кыскарып, ар бир класска мектептик компонент кирди. Ошондой эле жаңы предмет кошулуп, айрым предметтер жаңыча аталып, мазмуну өзгөрдү.

КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекиген Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын 69-пунктуна ылайык, «1-2-класстарда окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо белги баа коюлбастан, баа берүүнүн сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын пайдалануу менен жүргүзүлөт. Акырындык менен белги баа коюуну киргизүү экинчи класстын экинчи жарымынан башталат. 3-4-класстарда баалоо үчүн белги баалар, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат».

Учурда республикада башталгыч класстардын мугалимдерин, окуу бөлүмдөрүнүн башчыларын, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин окутуу боюнча «Башталгыч мектептеги билим берүү стандарттары» аттуу тренингдер жер-жерлерде өткөрүлүүдө. Үч жыл ичинде 10 миңден ашык мугалим, 1500дөн ашык окуу бөлүмдөрүнүн башчылары, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери окутулмакчы.

## 2016-2017-ОКУУ ЖЫЛЫНА СУНУШТАЛГАН ОКУУ КИТЕПТЕР, ОКУУ КУРАЛДАР, ИШ ДЕПТЕРЛЕР ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМОЛОР

### Окуу китептер, окуу куралдар жана иш дептерлер

| № | Окуу предмети | Автор | Чыгуу маалыматтары |
|---|---|---|---|
| | **1-класс** | | |
| 1. | Алиппе | Кубаталиева Б. ж.б. | Б.: «Кут аалам», 2011 |
| 2. | Алиппе | Рысбаев С. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2011 |
| 3. | Алиппе *Жазуу дептери* | Кубаталиева Б. ж.б. | Б.: «Кут аалам», 2011 |
| 4. | Таза жазуу<br>*Иш дептери* | Ысманова К., Ибраимова К. | Б.: 2015 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Дил азык (класстан тышкаркы окуу үчүн) | Рысбаев С. ж.б. | Б.: «Азур», 2009 |
| 6. | Русский язык | Кульбаева Г. | Б.: 2011 |
| 7. | Русский язык | Абайдулова М. | Б.: 2004 |
| 8. | Математика | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: «Билим», 2006 |
| 9. | Математика<br>*Иш дептери* | Ибраева Н.И. ж.б. | Б.: 2011 |
| 10. | Мекен таануу | Мамбетова З.Ж. ж.б. | Б.: «Кут аалам», 2011 |
| 11. | Мекен таануу | Исмаилова Г. ж.б. | Б.: «Билим-компьютер», 2009 |
| 12. | *Мекен таануу дептери* | Мамбетова З.Ж. ж.б. | Б.: «Кут аалам», 2014 |
| 13. | Көркөм өнөр (окуучулар үчүн альбом) | Акматов Д. ж.б. | Б.: 2011 |
| 14. | Адеп алиппеси | Рысбаев С.К, Абдухамидова Б.А. | Б.: 2011 |
| 15. | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (1-9-кл. үчүн окуу куралы) | Жумакадыров Ч.Ж. ж.б. | Б.: 2012 |
| 16. | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (кошумча материал) | Түз. Токтобаева Г.Д. | Б.: 2015 |
| | **2-класс** | | |
| 17. | Кыргыз тил | Акунова А. ж.б. | Б.: 2013 |
| 18. | Кыргыз тил | Рысбаев С. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2010 |
| 19. | Таза жазуу<br>*Иш дептери* | Ысманова К., Ибраимова К. | Б.: 2015 |
| 20. | Адабий окуу | Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: «Билим-компьютер», 2013 |
| 21. | Адабий окуу | Токтомаметов А. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2012 |
| 22. | Дил азык (класстан тышкаркы окуу үчүн) | Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: «Азур», 2009 |
| 23. | Русский язык | Омурбаева Д.Б. ж.б. | Б.: 2013 |
| 24. | Русский язык | Абайдулова Б. ж.б. | Б.: 2005 |
| 25. | Математика | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: «Учкун», 2011 |
| 26. | Математика | Бекбоев И.Б. Ибраева Н.И. | Б.: «Учкун», 2011 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *Иш дептери* | | |
| 27. | Мекен таануу | Мамбетова З.Ж. | Б.: 2012 |
| 28. | *Мекен таануу дептери* | Мамбетова З.Ж. ж.б. | Б.: 2014 |
| 29. | Мекен таануу | Адилова Г.И. | Б.: «Инсанат», 2011 |
| 30. | *Мекен таануу дептери* | Адилова Г.И. | Б.: 2013 |
| 31. | Адеп | Ысманова К., Ибраимова К., Мусаева В. ж.б. | Б.: 2014 |
| 32. | Музыка | Касей Мурат, Дүйшөналиев Ж.С. ж.б. | Б.: 2013 |
| 33. | Музыка | Койгелдиева Т. ж.б. | Б.: 2000 |
| 34. | Көркөм өнөр | Акматов Д. ж.б. | Б.: 2012 |
| 35. | Улуу мурас – урпактарга (кошумча материалдар) | Ысманова Ж. ж.б. | Б.: 2015 |
| 36. | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (кошумча материал) | Түз. Токтобаева Г.Д. | Б.: 2015 |
| | **3-класс** | | |
| 37. | Кыргыз тил | Акунова А. ж.б. | Б.: 2014 |
| 38. | Кыргыз тил | Рысбаев С. ж.б. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2010 |
| 39. | Таза жазуу<br>*Иш дептери* | Ысманова К., Ибраимова К. | Б.: 2015 |
| 40. | Адабий окуу | Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: «Полиграфбумресурсы» 2014 |
| 41. | Адабий окуу | Токтомаметов А. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2012 |
| 42. | Дил азык (класстан тышкаркы окуу үчүн) | Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: «Азур», 2009 |
| 43. | Русский язык | Мусаева Ч. ж.б. (кыргыз мектептер үчүн) | Б.: 2013 |
| 44. | Русский язык | Даувальдер О.В. ж.б. (орус мектептер үчүн) | Б.: 2013 |
| 45. | Книга для чтения | Власова И.В. ж.б. (орус мектептер үчүн) | Б.: 2013 |
| 46. | Русская речь | Красикова ж.б. | Б.: 2010 |
| 47. | Англис тили | Безрукова А.И. ж.б. | Б.: 2011 |
| 48. | Математика | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: «Билим-компьютер», |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 2011 |
| 49. | Мекен таануу | Бухова Е.А. ж.б. | Б.: «Аркус», 2015 |
| 50. | Мекен таануу | Мамбетова З.Ж. ж.б. | Б.: 2014 |
| 51. | *Мекен таануу дептери* | Мамбетова З.Ж. ж.б. | Б.: 2014 |
| 52. | Музыка | Касей Мурат, Шакирова А. ж.б. | Б.: 2013 |
| 53. | Музыка | Койгелдиева Т. ж.б. | Б.: 1997 |
| 54. | Көркөм өнөр | Акматов Д. ж.б. | Б.: 2014 |
| 55. | Адеп | Ысманова К., Ибраимова К. ж.б. | Б.: 2008 |
| 56. | Улуу мурас – урпактарга (кошумча материалдар) | Ысманова Ж. ж.б. | Б.: 2015 |
| 57. | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (кошумча материал) | Түз. Токтобаева Г.Д. | Б.: 2015 |
| | **4-класс** | | |
| 58. | Кыргыз тили | Шаелдаева С. ж.б. | Б.: 2009 |
| 59. | Таза жазуу *Иш дептери* | Ысманова К., Ибраимова К. | Б.: 2015 |
| 60. | Адабий окуу | Рысбаев С., Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: 2015 |
| 61. | Адабий окуу | Токтомаметов А. | Б.: «Полиграфбумресурсы», 2012 |
| 62. | Дил азык (класстан тышкаркы окуу үчүн) | Абдухамидова Б. ж.б. | Б.: «Азур», 2009 |
| 63. | Русская речь | Илеева К. ж.б. | Б.: 2010 |
| 64. | Англис тили | Безрукова А.И. ж.б. | Б.: 2004 |
| 65. | Математика | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: «Континент принт», 2010 |
| 66. | Мекен таануу | Мамбетова З.Ж. | Б.: 2012 |
| 67. | *Мекен таануу дептери* | Мамбетова З.Ж. | Б.: 2014 |
| 68. | Адеп | Ысманова К. ж.б. | Б.: 2008 |
| 69. | Музыка | Шакирова А. ж.б. | Б.: 2015 |
| 70. | Көркөм өнөр | Акматов Д. ж.б. | Б.: 2015 |
| 71. | Улуу мурас – урпактарга (кошумча материалдар) | Ысманова Ж. | Б.: 2015 |
| 72. | Турмуш-тиричилик | Түз. Токтобаева Г.Д. | Б.: 2015 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | коопсуздугунун негиздери (кошумча материал) | | |
| | **Жазуу жумуштарынын жыйнактары** | | |
| 73. | Диктанттар жыйнагы (1-4-класстар үчүн) | Ибраимова К. | Б.: 2014 |
| 74. | Жазуу жумуштары (жат жазуу, баяндама, 1-4-класстар үчүн) | Мусаева В., Субанова Б. | Б.: 2014 |
| 75. | Маселелер жыйнагы (2-4-класстар үчүн) | Ибраимова К., Ысманова Ж. | Б.: 2014 |
| 76. | Математика боюнча тесттер жана текшерүү иштери (2-4-класстар үчүн) | Ысманова Ж. | Б.: 2015 |

*Эскертүү*: Айрым окуу предмети боюнча бир нече окуу китеп, окуу курал, иш дептер сунушталды. Бирок, кийинки чыккан китептерге артыкчылык берилет.

**Методикалык колдонмолор**

| № | Окуу предмети / аталышы | Класс | Автор | Чыгуу маалыматтары |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Алиппе» окуу китебине методикалык көрсөтмөлөр | 1-класс | Рысбаев С. | Б.: 2010 |
| 2. | 1-4-класстарда эне тилинен жат жазуу жумуштарын жүргүзүү технологиялары | 1-4-класстар | Рысбаев С. | Б.: 2012 |
| 3. | Башталгыч класстарда Адабий окуу китептери менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү | 1-4-класстар | Токтомаметов А. | Б.: 2009 |
| 4. | Адабий окуу предметин окутууга карата методикалык колдонмо | 2-класс | Абдухамидова ж.б. | Б.: 2013 |
| 5. | Адабий окуу предметин окутууга карата методикалык колдонмо | 3-класс | Абдухамидова ж.б. | Б.: 2014 |
| 6. | Адабий окуу предметин окутууга карата методикалык колдонмо | 4-класс | Абдухамидова ж.б. | Б.: 2015 |
| 7. | Адабий окуу боюнча окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар | 1-4-класстар | Рысбаев С. ж.б. | Б.: 2012 |
| 8. | Баланы китеп окууга үйрөтүү | | Рысбаев С.К. | Б.: 2015 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | технологиялары | | | |
| 9. | Математиканы окутуу | 1-4-класс | Бекбоев И.Б., Аттокурова Ч.А. | Б.: 2016 |
| 10. | Математика боюнча окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар | 1-4-класс | Аттокурова Ч.А. Мурсаева А.К. Шакиров Р.Х. | Б.: 2011 |
| 11. | 1-4-класстарда математиканы окутуу | 1-4-класстар | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: 2006 |
| 12. | Математика. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 2-класс | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И., | Б.: «Учкун», 2011 |
| 13. | Математика. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 3-класс | Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. | Б.: 2010 |
| 14. | 1-класста Мекен таануу предметин окутуунун методикасы | 1-класс | МамбетоваЗ.Ж. ж.б. | Б.: «Кут аалам», 2011 |
| 15. | Мекен таануу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 1-класс | Исмаилова Г. ж.б. | Б.: «Билим-компьютер», 2009 |
| 16. | Окуп үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Мекен таануу. 1-4-класстар | 1-4-класстар | Мамбетова З. ж.б. | Б.: 2011 |
| 17. | Музыка (методикалык колдонмо) | 1-класс | Дүйшөналиев Ж. ж.б. | Б.: 2011 |
| 18. | Музыка (мугалимдер үчүн фонохрестоматия - CD диск) | 1-класс | Дүйшөналиев Ж. | Б.: 2011 |
| 19. | Музыка (методикалык колдонмо) | 3-класс | Шакирова А. ж.б. | Б.: 2013 |
| 20. | Көркөм өнөр (методикалык колдонмо) | 1-класс | Акматов Д. ж.б. | Б.: 2011 |
| 21. | Көркөм өнөр (методикалык колдонмо) | 3-класс | Мамбеталиев Ж., Акматов Д. | Б.: 2014 |
| 22. | Көркөм өнөр (методикалык колдонмо) | 4-класс | Рыскелдиев К., Акматов Д. | Б.: 2015 |
| 23. | Дене тарбия (методикалык колдонмо) | 1-4-класстар | Мамытов А. ж.б. | Б.: 2011 |
| 24. | Адеп. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 1-класс | Абдухамидова Б., Рысбаев С. | Б.: 2008 |
| 25. | Адеп. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 2-класс | Ысманова К., Ибраимова К., Мусаева В. ж.б. | Б.: 2008 |
| 26. | Адеп. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 3-класс | Ысманова К., Ибраимова К., | Б.: 2008 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мусаева В. ж.б. | |
| 27. | Адеп. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | 4-класс | Ысманова К., Ибраимова К., Мусаева В. | Б.: 2008 |

**Август кеңешмесинде башталгыч класстын мугалимдери талкуулай турган актуалдуу маселелердин тематикасы**

1. Башталгыч класстар үчүн жаңы түзүлгөн окуу китептер, методикалык колдонмолор жана аларды сабакта колдонуу тажрыйбалары, сунуштар;
2. Башталгыч класстардагы жаңы предметтик стандарттар жана компетенттик окутуу;
3. Башталгыч класстардагы жаңы базистик окуу планынын өзгөчөлүктөрү;
4. «Маданият жана тарых жылы» – башталгыч билим берүүдө;
5. Башталгыч билим берүү жаатындагы кызматташтык жана алдыңкы тажрыйба;
6. Башталгыч класстардын окуучуларынын компетенттүүлүктөрү, аларды калыптандыруу жана баалоо жолдору;
7. Билим берүүнүн сапатынын улуттук экономиканы көтөрүүгө тийгизген таасири;
8. Окуу процессинде окуучунун өз алдынчалыгын жана чыгармачылыгын калыптандыруу;
9. Окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө ылайыктап, интерактивдүү жана дифференциялап билим берүү жана тарбиялоо;
10. Баланы окутуп, тарбиялоонун жана өстүрүүнүн биримдиги боюнча иш-тажрыйбалар;
11. Башталгыч класстардагы окуу предметтеринин мектепке чейинки, мектепке даярдоо жана жогорку класстардагы окуу предметтери менен байланышы;
12. Башталгыч билим берүүдөгү учурдагы көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору.

Материал Кыргыз билим берүү академиясынын Мектепке чейинки жана мектепте билим берүү лабораториясында даярдалды, лабораториянын дареги: Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы - 25, тел. (0 312) 62 23 49.

Лаборатория башчысы, п.и.к. Токтомаметов Алмазбек